Canon




# Zoemini 2

## Чакан фотопринтер
## Колдонуучу үчүн нускама

# МАЗМУН


**КООПСУЗДУК МААЛЫМАТЫ**

Колдонуудан мурда окуп чыгыңыз .......................................... Б.2-4

**ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

Таңгакка кошулуп салынган нерселер ........................................Б.5

Өнүмдүн мүнөздөмөлөрү ..........................................................Б.5

**БАШТОО**

Кубаттоо ..................................................................................Б.6

Кубатты КҮЙГҮЗҮҮ/ӨЧҮРҮҮ ......................................................Б.7

Кагазды жүктөңүз .................................................................... Б.7-8

**ЖАРЫКДИОДДУУ ЛАМПАЛАРДЫН ИНДИКАТОРУ** ..........Б.9

**ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ** ...............................................................Б.10

**КОЛДОНМОНУ ОРНОТУУ** ..............................................Б.11-12

**МОБИЛДАК ТҮЗМӨКТҮ ЖАНА ЧАКАН ФОТОПРИНТЕРДИ ЖУПТАШТЫРУУ**

Android жана iOS'ту жупташтыруу ........................................ Б.13-14

**КОЛДОНУУЧУНУН ИНТЕРФЕЙСИ**

Башкы бет ...............................................................................Б.15

Башкы меню ............................................................................Б.15

Принтердин жөндөөлөрү ...................................................... Б.16-17

# КООПСУЗДУК МААЛЫМАТЫ

## КОЛДОНУУДАН МУРДА ОКУП ЧЫГЫҢЫЗ

Принтерди колдонуудан мурун төмөнкү нускамаларды жана коопсуздук чараларын окуп чыгыңыз.

Укуктук ченемдер жана кошумча коопсуздук тууралуу маалымат алуу үчүн, таңгакта кошо салынган «Эрежелер жана кепилдиктер жазылган маалымат барагын» окуп чыгыңыз.

**МНИН: PP1003A**
Моделдин нормативдик идентификациялык номери – укуктук ченемдерди аныктоо максатында берилет.

**ЭСКЕРТҮҮ** Потенциалдуу коркунучтуу кырдаалды көрсөтүү үчүн колдонулат, эгерде анын алдын албасаңыз, өлүмгө же олуттуу жаракатка алып келиши мүмкүн.

- Жаш балдардан жана наристелерден оолак кармаңыз. Жабдууну туура эмес иштетүүдөн муунуп калуу коркунучу туулуп же кырсыкка чалдыгып калуу мүмкүн.
- Түзмөктөн түтүн же башкача жыт чыгып же кандайдыр бузулуунун белгилери пайда болсо, аны колдонууну дароо токтотуңуз.
- Батарея же продукт шишип кеткен болсо, принтерди колдонбоңуз.
- Медициналык электр түзмөктөрдүн жанында иштетпеңиз. Бул өнүмдөн өтө күчтүү эмес магнетизм чыгарылат. Кардиостимулятор сыяктуу имплантацияланган электрондук түзмөктүн жанында турбаңыз. Эгер принтер мындай түзмөктүн жанына жакын болуп калса, доктуруңузга көрүнүңүз.

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ**

Эгерде продукт туура эмес иштетилсе, жаракаттарга же мүлктүн бузулушуна алып келиши мүмкүн болгон коркунучтун же бузулуунун деңгээлин көрсөтүү үчүн колдонулат.


- Температура өтө суук же ысык болуп кетсе, түзмөк басып чыгарбашы ыктымал. Кайра басып чыгарууга аракет кылуудан мурда, принтердин температурасы иштетүүгө боло турган сунушталган чектерге (15º-32 ºC) келип алганча күтө туруңуз.
- Кубаттап жатканда, түзмөктү сунушталган температуранын чектеринде 15°-32°C кубаттаңыз.
- Түзмөктү тазалоо үчүн жумшак, кургак чүпүрөктү колдонуу керек. Суу чүпүрөк же боёкту суюлтуучу зат сыяктуу жегич суюктуктарды колдонууга тыюу салынат.
- Принтердин ичине чаң жана башка майда нерселер кирип кетпеши үчүн, үстүңкү капкагын жаап жүрүңүз.
- Желдетүү тешиктерин аларга тоскоол боло турган нерселерден алыс кармаңыз.
- Түзмөк тиешелүү түрдө иштебей калса, аны сатып алган дилериңизге кайрылып же www.canon-europe.com/support баракчасынан Canon компаниясынын Кардарларды тейлөө жана колдоо көрсөтүү бөлүмүнө кирип көрүңүздөр.
- Электромагниттик тоскоолдук же электростатикалык разряд түзмөктүн туура эмес иштешине, эс тутумундагылардын жоголушуна же өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн. Мындай учурда төөнөгүч же ошол сыяктуу нерсе менен түзмөктүн түбүндөгү КАЙРА ИШТЕТҮҮ баскычын басыңыз.
- Продуктту күн тике тийген жерде колдонуп же анын астында калтырбаңыз. Температуранын тез өзгөрүшүнө, жогорку нымдуулукка, чаңга жана кирге дуушар болгон жерлерден алыс кармаңыз.
- Нымдуулугу төмөн жерлерде принтер статикалык электр зарядын жаратышы мүмкүн. Принтерди иштетүүдөн мурун коопсуздук чараларын сактаңыз.
- Принтерди суюктуктар жана суюктуктардын контейнерлеринен алыс кармаңыз.
- Продуктту туура эмес утилдебеңиз, анткени ал жеке жаракат же зыян алып келиши мүмкүн. Продуктту жергиликтүү эрежелерге ылайык утилдеңиз.

## БАТАРЕЯ ТУУРАЛУУ


- Колдонгондон кийин батареяны толук кубаттоо сунушталат. Батареяны коопсуз пайдалануу үчүн, батареяны колдонбой коюудан мурун жылына бир жолу толук кубаттоо сунушталат. Эгерде сиз түзмөктү аз батареянын шартында алты (6) айдан ашык сактасаңыз, орнотулган батарейканы кубаттай албай калышыңыз мүмкүн.
- Түзмөктү демонтаждоо батареянын агып кетишине, жарылууга, зыянга же жеке жаракатка алып келиши мүмкүн.
- Батареяны эч качан ысык температураларда колдонуп, тике күн нуру тийген жерге коюп же өрттөп утилдештирүүгө болбойт.
- Батареяны утилдештирүү учурунда жергиликтүү бийликтин эрежелерин сактаңыз. Кеңири маалымат алуу үчүн, жергиликтүү бийликке кайрылыңыз.

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## ТАҢГАККА КОШУЛУП САЛЫНГАН НЕРСЕЛЕР




Чакан фотопринтер



USB кабель





Эрежелер жана кепилдиктер жазылган маалымат барагы




CANON ZINK® фотокагазы (10 барак)

## ӨНҮМДҮН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ




① Үстүңкү капкак

② Кагаз текчеси (Үстүңкү капкагы ачык болгондо көрүнүп турат)

③ Кагаздын чыгуу оюкчасы

④ Абалын көрсөтүүчү жарык чыгаруучу диод


⑤ Кубаттоонун жарыкдиоддуу индикатору

⑥ USB порту (Кубаттоо үчүн)

⑦ Кайра күйгүзүү баскычы (Түзмөктү кайра иштетүү үчүн төөнөгүч менен басыңыз)

⑧ Кубат баскычы

## A) КУБАТТОО



**Кубаттоо абалынын жарык чыгаруучу диод**

| | |
|---|---|
| Кубатталууда | Кызыл |
| Толугу менен заряддалды | Жашыл |

Принтердин өзүндө куралган батареясы бар. Принтерди колдонуудан мурун, берилген USB кабели аркылуу батареяны толук кубаттаңыз.

① Принтерди кубаттоо үчүн ага анын өзүнүн, USB кабелинин учунун кичинерээк болгон жагын сайып, экинчи учун кубаттоочу USB адаптерине сайыңыз.

② Кубаттоо башталганын Кубаттоонун жарыкдиоддуу индикатору кызыл болуп жанганы билдирет.

③ Батарея толугу менен заряддалганда, Кубаттоонун жарыкдиоддуу индикатору жашыл болуп калат.
− Иштетүү убакыты батареянын статусуна, аппараттын абалына жана айлана-чөйрөнүн шарттарына жараша ар түрдүү болот.


**! ЭСКЕРТҮҮ** Көрсөтмөлөр же мазмун маанилүү жана ошого жараша аткарылышы керек.

## USB кабели тууралуу

### Кубаттап жатканда USB кабелин этияттык менен колдонуңуз

- Кабелдин үстүнө оор нерселерди коюуга болбойт.
- USB кабелди ысык оттун жанына койбогула.
- Кабелди кесип, жулуп, бузуп же тарткылаганга болбойт.
- Кабелди суу колдоруңуз менен өчүрүп, сайганга тыюу салынат.
- Өтө жогорку/өтө төмөн температура же нымдуулук болгон жерде колдонбоңуз.
- Кубаттап бүткөндө, USB кабелин кубаттоо булагынан ажыратуу зарыл.
- Кубаттоо үчүн принтердин өзүнүн USB кабелин колдонуңуз.

# B) КУБАТТЫ КҮЙГҮЗҮҮ/ӨЧҮРҮҮ




① Кубат баскычын басып, кармап туруңуз (⏻) Кубаттоонун жарыкдиоддуу индикатору үчүн жашыл түстө 3 жолу жарк этет.


② Абалын көрсөтүүчү жарыкдиоддуу лампалардын индикатору туруктуу ак болуп жанып калганда, түзмөк иштетүүгө даяр болот.

③ Түзмөктү өчүрүү үчүн, Кубат баскычын (⏻) басып кармап туруңуз.

## АВТО КУБАТТОО ӨЧҮК


- Түзмөк 3 мүнөт бош турганда автоматтык түрдө өчөт (баштапкы).
- Колдонуучу убакытты колдонмонун ичинде өзгөртө алат (3 мүнөт/5 мүнөт/10 мүнөт).

# C) КАГАЗДЫ ЖҮКТӨҢҮЗ



① Принтердин үстүңкү капкагын көрсөтүлгөн багыт боюнча сүрүп ачып алыңыз.

② Фотокагаздардын бир таңгагын ачыңыз (10 барак + көк түстүү SMART SHEET®).



Ылдый жагында көк түстүү SMART SHEET®, үстүндө фото кагаздар. Бардык логотиптер ылдый карайт.

③ 10 фотокагаздын баарын жана бир көк түстүү SMART SHEET® барагын фотокагаз үчүн бөлүмгө салыңыз.
 − Фотокагазды көк түстүү SMART SHEET® барагынын үстүнө көк штрих-код менен фотокагаздын логотиптерин ылдый каратып жайгаштырыңыз.

④ Түзмөктүн үстүңкү капкагын кайра жабыңыз. Ал туура жабылганда, капкак чык этип ордуна түшүшү керек.
 − Көк түстүү SMART SHEET® барагы биринчи сүрөт чыгарылгандан мурун түзмөктөн автоматтык түрдө өткөрүлөт.

**ЭСКЕРТҮҮ** Көрсөтмөлөр же мазмун маанилүү жана ошого жараша аткарылышы керек.

## ТҮЗМӨККӨ КАМ КӨРҮҮ

- Түзмөктү сунушталган температурада 15º-32 ºC жана 40-55 % салыштырмалуу нымдуулук шарттарында колдонуңуз.
- Түзмөктүн микропрограммасын жаңылап туруңуз. Программдык камсыздооңузду жаңыртуу керекпи же жокпу, текшерүү үчүн Canon Mini Print колдонмосун ачыңыз. Башкы меню > Жөндөөлөр > Принтерлерге барып, түзмөгүңүздү Өнүм тууралуу маалымат дегенден тандап, андан соң «Микропрограмманы жаңыртуу» дегенди басыңыз.
  – Мобилдик түзмөгүңүздүн Интернет туташуусун текшерип алыңыз. Программдык камсыздоону жаңыртуу талап кылынса, принтердин кубаты 50% же андан жогору болушу керек.
- Canon Mini Print колдонмосунун эң акыркы версиясын колдонуп жатканыңызды текшерип алыңыз. Колдонмолоруңуз автоматтык түрдө жаңыланбаса, колдонмолор дүкөнүнө өтүп, жаңыртуу керекпи же жокпу, текшерип туруңуз.

## ФОТО КАГАЗДЫ КОЛДОНУУ ШАРТТАРЫ

- Бир салганда 10 фотокагазын жана көк түстүү 1 SMART SHEET® барагын гана салууга болот. Андан ашык салууга болбойт, себеби кагаз чайналып калат же принтерде ката кетет.
- Басып чыгаруунун сапаты жакшы болушу үчүн, Canon Zoemini үчүн атайын фотокагаздарды гана колдонуңуз.
  − Кошумча фотокагаздарды сатып алуу үчүн, Canon Mini Print колдонмосунун ичиндеги башкы менюдан «Кагазды сатып алуу» баскычын басыңыз.
- Кагаз чайналып кала турган болсо, жөн эле принтерди ӨЧҮРҮП, кайра КҮЙГҮЗҮҮ керек. Чайналган кагаз автоматтык түрдө чыгарылат. Кагазды тартып чыгарууга аракет кылбаңыз.
- Түзмөк иштеп жатканда, фотокагазды тартып же жулууга болбойт.
- Фотокагаздар бырышып же жыртылып калбашы үчүн, аны абайлап колдонуу керек.
- Фотокагаздарды салып жатканда алар таза болушу керек. Фотокагаз кир же жыртык болсо, алар чайналып калып же басып чыгуу учурунда каталар пайда болушуна алып келет.
- Фотокагаздын жаңы таңгагын түзмөктү иштетүү керек болмоюнча ачпаңыз.
- Фотокагаздарды тике күн нурунан жана нымдан сактаңыз.
- Фотокагаздарды таңгакта көрсөтүлгөн сунушталган нымдуулук жана жылуулук шарттарына туура келбеген жерлерде колдонууга болбойт. Алар басып чыгарылган сүрөттөрдүн сапатын начарлатышы мүмкүн.

## КӨК ТҮСТҮҮ SMART SHEET® ЖӨНҮНДӨ

- Ар бир топтомдо 10 фотокагаз жана 1 көк түстүү SMART SHEET® барагы болот.
- Басып чыгаруунун сапаты жакшы болушу үчүн, фотокагаздарды бир таңгактагы көк түстүү SMART SHEET® барагы менен кошо салуу керек. Ар бир көк түстүү SMART SHEET® барагы бир таңгакта салынган фотокагаздар менен гана колдонууга ылайыкташкан.
- Көк түстүү SMART SHEET® барагы бир топтомдогу фотокагаздарда (10 барак) басып чыгарыла турган сүрөттөрдүн сапатын жакшыртуу жана түзмөктү тазалоо үчүн биринчи басып чыгаруудан мурда автоматтык түрдө өткөрүлөт.
- Көк түстүү SMART SHEET® барагын сактап коюп, бир топтомдогу бардык 10 барак басып чыгарылгандан кийин гана ыргытуу керек. Басып чыгаруунун сапаты күтүлгөндөй болбосо, ошол эле топтомдогу көк түстүү SMART SHEET ® барагын кайра өткөрүүгө болот. Ал үчүн жөн гана көк түстүү SMART SHEET® барагын калган фотокагаздардын астынан, штрих-кодун ылдый каратып туруп, өткөрүп жиберүү зарыл.
- Башка таңгактан чыккан көк түстүү SMART SHEET® барагын колдонуудан басып чыгарылган сүрөттөрдүн сапаты начар болуп калышы ыктымал.

# ЖАРЫКДИОДДУУ ЛАМПАЛАРДЫН ИНДИКАТОРУ

| Абалы | Режимди көрсөтүүчү жарык чыгаруучу диод | Абалын көрсөтүүчү жарык чугаруучу диод |
|---|---|---|
| **Күйгүзүү** | Кубат баскычын басып кармап туруңуз | Ак > Ак (Жарк этет) |
| **Күтүү режими** | Түзмөк Колдонмого туташкан ЖОК | Ак (Жарк этет) |
| | Түзмөк колдонмого туташып турат | Ак |
| **Кубатты Өчүрүү** | Кубат баскычын басып кармап туруңуз | Өчүк |
| **Көк түстүү SMART SHEET® иштетүү** | Түзмөк көк түстүү SMART SHEET® жүктөп жатканда | Сары>Ак>Кызгылтым сыя> Ак>Көгүлтүр>Ак (Айланма белги) |
| **Сүрөттөр чыгарылууда...** | Түзмөк сүрөттү басып чыгарып жатканда | Сары>Ак>Кызгылтым сыя> Ак>Көгүлтүр>Ак (Айланма белги) |
| **Көк түстүү SMART SHEET® Ката** | Түзмөккө туура келбеген көк түстүү SMART SHEET® кагазы салынганда же башка көк түстүү SMART SHEET® катасы аныкталганда чыгат | Көк (Жарк этет) |
| **Басып чыгарууга даярдануу** | Басып чыгарууга даярдануу | Ак (Жаркылдаган) |
| **Кагаз чайналып калды/ Капкагы ачык** | Кагаз чайналып калганда же принтердин капкагы ачык болсо | Кызыл (Жарк этет) |
| **Кагаз жок** | Басып чыгаруу талабы коюлганда жана текчеде кагаз жок болсо | Кызыл (Жарк этет) |
| **Программалык камсыздоону жаңыртуу** | Түзмөк микропрограмманы жаңыртып жатканда | Ак (Жаркылдаган) |
| **Батареянын кубаты төмөн** | Батареянын кубаты 20 % төмөн түшүп кеткенде<br>- Түзмөк Колдонмого туташкан ЖОК | Ак>Кызыл (Жарк этет) |
| | - Түзмөк колдонмого туташып турат | Ак>Кызыл |
| **Температура жогору** | Түзмөктүн температурасы өтө ысып кеткенде | Кызыл (температура нормалдуу чекке түшкөнчө) |
| **Принтердин башкы түзмөгү муздатылууда** | Принтердин башкы түзмөгүнүн температурасы текшерилип, басып чыгарууну улантуудан мурда муздатуу аракети | Көгүлтүр (Жаркылдаган) |
| **Температура төмөн** | Түзмөктүн температурасы өтө муздап калганда | Көгүлтүр (температура нормалдуу чекке түшкөнчө) |

# ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ


| | |
|---|---|
| **Кубат булагы** | Ички кайра кубатталуучу батарея 500 мАс<br>литий-полимердик 7,4 В |
| **Кубаттоо ылдамдыгы** | Болжол менен 45 минута (Толук кубаттоо) |
| **Өлчөмдөрү** | 120 мм (У) x 84 мм (Э) x 21,5 мм (Б) |
| **Салмагы** | 177 г |
| **Туташуу параметрлери** | Bluetooth® 5.0 |
| **Туура келген Операциондук тутумдары** | iOS 12.0 же жогорураак версия жана Android 6.0<br>же жогорураак версия |
| **Басып чыгаруу технологиясы** | ZINK® |
| **Басып чыгаруу дааналыгы** | 313 x 512 dpi (дюймга туура келген чекиттердин саны) |
| **Чексиз басып чыгаруу** | Ооба |
| **Туура келүүчү кагаздар** | Canon ZINK® Фото кагазы: ZP-2030-20 (20 барак)<br>ZP-2030-50 (50 барак)<br>ZP-2030-2C-20 (20 барак)<br>2" x 3" / Сыйрып жана чапталган кагаз |
| **Салына турган кагаздардын көлөмү** | 10 чейинки ZINK® фотокагазы + 1 көк түстүү<br>SMART SHEET® |
| **Эстутум** | 512 Мб |
| **Экологиялык параметрлер** | • Принтердин иштөө, кубаттоо жана сактоо учурундагы уруксат кылынган температурасы: 15º-32º C<br>• Принтердин иштөө, кубаттоо жана сактоо учурундагы сунушталган нымдуулук: 40-55 % RH<br>• Иштөө температурасы: 5º-40 ºC<br>• Иштөө нымдуулугу: <70 % RH |
| **Автоматтык түрдө өчүрүү** | 3 минута / 5 минута / 10 минута<br>(колдонмодо киргизилгендерден тандалат)<br>(Эгер колдонмо пайдаланылып жатса,<br>Принтер автоматтык түрдө өчпөйт.) |
| **Кубаттоо адаптери** | Чыгаруу кубаты: 5В ⎓ 2,25 A же жогорураак |


* Бардык өзгөчөлүктөр эскертүүсүз өзгөртүлө алат

* Zoemini 2 Чакан фотопринтердин USB Кубаттоо адаптери аркылуу кубатталуу үчүн арналган.
Эгер ал ноутбуктун USB порту аркылуу кубатталса, анда Zoemini 2 Чакан фотопринтерди кубаттоо үчүн электр кубаты жетиштүү болбошу мүмкүн.

## ①-ОПЦИЯ
## КОЛДОНМОЛОР ДҮКӨНҮНӨН «CANON MINI PRINT» ИЗДЕҢИЗ


Android™ үчүн – Google Play™ кызматы





iOS® үчүн – App Store® кызматы







## ②-ОПЦИЯ
## ТЕЗ БАШТОО ЖЕТЕКТЕМЕСИНДЕ – QR КОДДУ СКАНДАП, CANON MINI PRINT КОЛДОНМОСУН ЖҮКТӨП АЛЫҢЫЗ

Android үчүн




iOS үчүн





## ③-ОПЦИЯ
## HTTPS://APP.CANONMINIPRINT.COM/ ТҮЗМӨГҮҢҮЗДҮН ИНТЕРНЕТ БРАУЗЕРИ АРКЫЛУУ БАШ БАГЫҢЫЗ

# МОБИЛДАК ТҮЗМӨКТҮ ЖАНА ЧАКАН ФОТОПРИНТЕРДИ ЖУПТАШТЫРУУ

## Android жана iOS’ту жупташтыруу


① Принтерди кубаттын абалын көрсөтүүчү жарык чыгаруучу диод индикатору күйгөнчө, Кубат баскычын басып кармап туруу менен күйгүзүңүз.
Мобилдик түзмөктүн «Жөндөөлөр» ачып, Bluetooth’ду күйгүзүп, аны принтер менен жупташтырыңыз.

② **Жупташтыруу** – Үстүңкү оң бурчта жайгашкан белгини басып, өзүңүздүн принтериңизди тандаңыз. Сүрөтчө туташкандан кийин батареянын абалын көрсөтүп калат.














③ **Принтерди кайра туташтыруу** – Принтер автоматтык түрдө эчак жупташтырылган болсо, колдонмого кайра туташат. Эгер принтер колдонмого туташкан эмес болсо, жогорку оң бурчтагы сүрөтчөнү басып, тизмеден өз принтериңизди басыңыз.




## ЭСКЕРТҮҮ

**Принтердин абалы белгиси** (Колдонмодо көрсөтүлөт)




Принтер туташкан жок




Принтер туташты
(батареянын статусу
көрсөтүлөт)

## Жупташтыруу тууралуу


- Бир принтерди бир гана iOS/Android түзмөгү менен жупташтырууга болот.
- Бир iOS/Android түзмөгүн бир нече принтер менен туташтырууга болот. Кошумча принтерди жупташтыруу үчүн, башкы бетке барып, жогорку оң тарапта сүрөтчөнү басып, андан соң «» басып, принтерди тандаңыз.
- «Canon (xx:xx) Mini Printer» деген принтерди таап, түзмөктү аны менен жупташтырыңыз. Принтердин белгисинин ичиндеги MAC номердин акыркы 4 саны (xx:xx) дал келгенин салыштырыңыз.
- Bluetooth’ду издөө жана андан файлдарды өткөрүү айрым каталардан ишке ашпай калышы мүмкүн.
  Түзмөгүңүздөгү Bluetooth’дун иштешин текшерип, кайра аракет кылыңыз.







# КОЛДОНУУЧУНУН ИНТЕРФЕЙСИ

## БАШКЫ БЕТ




## БАШКЫ МЕНЮ




Колдонмону пайдалануу ыкмалары, функциялары жана жеткиликтүү болгон Онлайн Альбомдор колдонуучун түзмөгүнө жана жашаган аймагына жараша айырмаланат.

* Интернет туташуу талап кылынат. Колдонуучунун коомдук тармактардагы жана Булут кызматында колдонгон активдүү аккаунт(тар)ы керек болот.


# ПРИНТЕРДИН ЖӨНДӨӨЛӨРҮ


Принтер мобилдик түзмөк аркылуу туташып турганда, колдонуучу принтердин аталышын, үнүн жана авто кубат өчүрүү убагын жекелештире алат.

☰ басып, Колдонмо аркылуу принтердин аталышын, үнүн жана авто кубатты өчүрүү убагын тандаңыз.

**АТАЛЫШЫН ӨЗГӨРТҮҮ**


Колдонуучу принтердин аталышын каалагандай жекелештире алат.




## АВТО КУБАТТОО ӨЧҮК

Авто кубат өчүк убагын өзгөртүү үчүн басыңыз.



Түзмөк тиешелүү түрдө иштебей калса, аны сатып алган дилериңизге кайрылып
же www.canon-europe.com/support баракчасынан Canon компаниясынын Кардарларды
тейлөө жана колдоо көрсөтүү бөлүмүнө кирип көрүңүздөр.

SMART SHEET барагы, ZINK Технологиясы жана ZINK соода маркалары ZINK Холдингс ЖЧКсына таандык. Лицензия боюнча иштетилет. Apple, Apple логотиби, iPad, iPad Air, iPad Pro, жана iPhone АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган «Apple Inc.» компаниясына таандык соода маркалары болуп эсептелет. App Store (Колдонмолор дүкөнү) – «Apple Inc.» компаниясынык кызматтык маркасы. iOS АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган «Cisco» компаниясынын соода маркасы же катталган соода маркасы болуп эсептелет жана лицензия боюнча иштетилет. Android жана Google Play Google LLC'нин соода белгилери. Bluetooth – «Bluetooth SIG» компаниясынын соода маркасы. Wi-Fi – «Wi-Fi Alliance» компаниясынын катталган соода маркасы. Бардык үчүнчү тараптардын өнүмдөрүнүн, бренддеринин жана логотиптерин аттары тиешелүү өндүрүүчүлөргө таандык болгон соода маркалары болуп эсептелет.

© CANON ELECTRONIC BUSINESS MACHINES (H.K.) CO., LTD. 2022
PV-223-KY-202201